“Бекитем”
И.Раззаков атындагы
КМТУнун
Политехникалык
колледжинин мүдүрү
Н.К. Турусбекова
_____________________
23.09.2015.ж.

“Каралды”
И.Раззаков атындагы
КМТУнун УМКнын
жыйында
КМТУнун УМКнын
төрагасы
Сартов Т.Э.
_____________________
9.09.2015.ж № 1 буйрук

“Макулдашылды”
И.Раззаков атындагы
КМТУнун ректору
Дүйшөналиев Т.Б.
_____________________
“____” _______2015-жылдын

**И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин окуу – методикалык комиссиясы жөнүндө**

**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Ушу жобо Кыргыз Республикасынын “билим жөнүндө” Мыйзамынын, Ккыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүн уюштуруу жөнүндөгү” жобосунун, №53 03.02.2004 – ж. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бекитилген токтомунун, №27/1 20.01.2005 – ж, Кыргыз Республикасынын билим – берүү министрлиги тарабынан бекитилген “Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү окуу жайларынын методикалык кеңеши жөнүндө” Жобосунун, И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Уставына ылайык иштелип чыккан.

1.2. Колледждин окуу – методикалык комиссиясы (мындан ары – КОМК) – колледждеги окуу – методикалык ишинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана координациялоо максатында түзүлгөн кеңеш берүүчү коллегиялуу орган.

1.3. КОМК өз ишмердигинде долборлоо изилдөө, методикалык, окуу тарбия маселелери боюнча “Билим жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын мыйзамын, КМТУнун Политехникалык колледжинин Уставын (мындан ары – колледж), И. Раззаков атындагы кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин ректорунун (мындан ары – КМТУ) жана колледждин директорунун буйруктарын колдонмо кылып алат.

## 2. Максат жана милдеттер

2.1. КОМК ишмердигин максаты – колледждин инновациялык жана окуу – методикалык ишмердигинин оперативдүүлүгүн жана ийкемдүүлүгүн камсыздөө, окутуучулар составынын (мындан ары ОС) квалификациясын жогорулатуу, алардын кесиптик компетенттүүлүгүн жана кесиптик чеберчилигин өнүктүрүү.

2.2. КОМКнын милдеттерин:

- тарбиялоо – билим берүү процессин методикалык жактан камсыздоосу өнүктүрүүгө багытталган предметтик – циклдык комиссиясынын (мындан нары ПЦК) ишмердигин координациялоо;

- методикалык иштин негизги багыттарын иштеп чыгуу;

- билим берүү программаларын методикалык жактан комсыздоо, окуу сабактарын өткөрүү жана аларды окуу процессине киргизүү үчүн окуу – методикалык материалдарды (ОММ) иштеп чыгуу;

- окуу – методикалык комплекстерди(ОММ) апробациялоону, автордук программаларды иштеп чыгууну, жаңы педагогикалык технологияларды өздөштүрүүгө багытталган долбоорлоо – изилдөө жана инновациялык, тажрыйба – издөөчү ишмердигин уюштуруу;

- окуу процесси замамбап окуу-методикалык материалдарды, автоматташтырылган окутуу системасынын прогаммалык комсыздоосу, маалыматтык – китепкана системаларын, анын ичинде окууга бекитилген электрондук окуу куралдарын иштеп чыгууга жана киргизүүгө жардам көрсөтүү;

- окуу – методикалык материалдарды чыгарууга даярдоо жана рецензиялоо.

## 3. Ишмердиктин багыттары

3.1. КОМКнын ишмердигинин багыттары болуп саналат:

- колледждеги окуу – методикалык жана илимий – изилдөө иштеринин негизги багыттарын аныктоо;

- окуу – методикалык жана илимий – изилдөө иштеринин мониторингинин жыйынтыктарын талкуулоо, мониторингдин жыйынтыктары боюнча чечимдерди кабыл алуу;

- кызматкерлердин кесиптик чеберчилигин өркүндөтүү, сабактарды өтүүнүн ар түрдүү методикасынын жана аларды материалдык-техникалык жактан камсыздоо боюнча көйгөйлөрүнө консультация берүү;

- кызматкерлердин педагогикалык тажрыйбасын жайылтуу жана жалпылоо боюнча иш – чараларды иштеп чыгуу;

- ОК аттестациясынна катышуу;

- окутуунун формаларын жана методдордун, жаңы технологияларды апробациялоо жана издөө боюнча методикалык жана педагогикалык эксперименттерди өткөрүү;

- жаңыдан киришкен окутуучулардын кесипкөйлүгүн өркүндөтүү боюнча уюштуруу;

- чыгармачыл педагогдордун педагогикалык ийгиликтүү тажрыйбаларын жайылтуу жана жалпылоо, ачып көрсөтүү;

- билим берүү чөйрөсүндө алдыңкы технологиялар жана тажрыйба алмашуу максатында илим – изилдөө жана башка билим берүү мекемелери менен өз ара аракеттешүүнү уюштуруу;

- ар түрдүү методикалык материалдарды такуулоо, аларды окуу процессине киргизүү жолдорун аныктоо;

- конкреттүү дисциплиналарды окутуу методикасы боюнча сунуштарды бекитүү жана түзүп чыгуу;

- окуп жаткандардын изилдөө илими көзөмөлдөө жана жетектөө, уюштуруу маселелерин карап чыгуу;

- окуу – методикалык материалдарды (ОММ) түзүү боюнча сунуштарды жана окуу – методикалык комплексинин (ОМК) сапат талаптарын талкуулоо жана бекитүү;

- окуу – методикалык материалдарды кароо, талкуулоо жана басып чыгарууга сунуштоо;

- колледж үчүн жалпы методикалык көрсөтмөлөрдү, сунуштарды, илимий изилдөө жана окуу – методикалык иштердин регламенттөө маселелерин уюштурууну кароо жана бекитүү; окуу методикалык иштердин маселелери боюнча башка документтерди кароо жана бекитүү;

- окуу дисциплиналардын окутуу методикасын өркүндөтүү жана тажрыйба алмашуу максатында сабактарга өз ара катышуу;

- билимди көзөмөлдөө, сабактарды өтүүнү пландоо технологиясын баалоо боюнча критерийлерди иштеп чыгуу;

- предметтер боюнча окуудан сырткары иш-чаралрды жана ачык сабактарды өткөрүү;

- ПЦКнын ишин координациялоо жана көзөмөлдөө;

- жалпы педагогика жана психология маселелери, окутуу жана тарбиялоо методикасы боюнча дискуссияларды, билдирүүлөрдү, докладдарды жана лекцияларды өткөрүү;

Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

- "Мыкты ОМК", "Жыл мугалими" ж.б. кесиптик чеберчилик конкурстарын өткөрүү жана сунуштарды иштеп чыгуу;

- Билим – Декадасын, методикалык күндөр, предметтик жумалар ж.б. өткөрүү;

- окутуучуларды материалдык жана маралдык жактан сыйлоо маселелери боюнча сунуштарды киргизүү жана иштеп чыгуу;

## 4. Комиссиянын составы, түзүлүү тартиби, ишти уюштуруу жана полномочие мөөнөтү

4.1. Колледждин директорунун буйругу менен ПЦКнын төрагаларын, окуу жана тарбия иштери боюнча директордун орун басарларынын, ПЦКнын тажрыйбалуу мүчөлөрүнүн ичинен ОМКК түзүлөт.

4.2. Эң эле тажрыйбалуу педагогдордун ичинен колледждин директору тарабынан бекитилген төрага ОМКны жетектейт.

4.3 Бир жылдык мөөнөткө шайланган ОМККнын мүчөлөрүнүн бири ОМККнын катчысынын функциясын ишке ашырат. ОМККнын катчысы техникалык жана уюштуруу иштерин аткарат, жыйынга материалдарды даярдоону камсыздайт, жыйындын протоколун жүргүзөт.

4.4. ОМКнын иши кезектеги окуу жылынын иш планына ылайык жүргүзүлөт. ОМКнын планын төрага түзөт, ОМКнын жыйынында каралат, окуу иштери боюнча директордун орун басары менен макулдашылат жана колледждин директорунун буйругу менен бекитилет.

4.5. ОМКнын иши КРнын ББ жана ИМнин директивалуу документтерин, университеттин ректорунун жана колледждин директорунун буйруктарын эске алуу менен иштелип чыккан, күндөлүк жана перспективалуу пландарын негизиде ишке ашат.

4.6. ОМКнын жыйынын кезектеги окуу жылына бекитилген иш планы боюнча өткөрүлөт. Ошондой эле ОМК кечиктирилбес маселелерди чечүү үчүн керек учурда чогула алат.

4.7. ОМКнын төрагасы жыйынтык боло турган күнү, убагын окуу иштери боюнча директордун орун басарына маалымдоого милдеттүү.

4.8. Жыйында талкууланган ар бир маселе боюнча сунуштар кабыл алынып, протоколдор журналына белгиленет. Сунуштарга ОМКнын төрагасынын колу коюлат.

4.9. ОМКнын ишмердигине көзөмөл кылуу окуу иштери боюнча директордун орун басары аркылуу ишке ашат.

ОМК өзүнүн ишинде педагогикалык кеңешке отчет берүүгө милдеттүү.

4.10. ОМКнын жыйындары эреже катарында, ачык өткөрүлөт. Конкреттүү маселелерди кароодо катышуусу зарыл болгон адамдар жыйынга чакырылат.

4.11. Эгерде ОМКнын жыйынына мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышса, анда жыйындын укугу бар, ОМКнын жыйынын өткөрүү мезгилдүүлүгү 2 айда бир жолудан кем эмес.

4.12. ОМКнын чечимдери көпчүлүк жөнөкөй добуш берүү менен кабыл алынат жана жыйындын протоколунда белгилинет. Жыйындын протоколуна төраганын жана катчынын колу коюлат. ОМКнын айрым чечимдери колледждин директорунун буйругу жана ОМКнын төрагасынын буйругу менен ишке ашырылат.

4.13. ОМКнын укукутук мөөнөттөрү колледждин директору аркылуу аныкталат.

## 5. Укуктар жана Милдеттер

5.1. ОМК өзүнүн ишмердигин ишке ашыруу үчүн төмөнкү укуктарга ээ:

- квалификациялык категориянын жогорулатуу үчүн педагогдорду көрсөтүү жана сунуштарды даярдоо.
- окутуучуларга квалификацияны жогорлатуунун ар кандай формаларын сунуш кылуу;

Колледждеги билим берүү – тарбиялоо процессин жакшыртуу жөнүндө сунуштарды көтөрүү;

- ПЦКда чогултулган алдынкы педагогикалык тажрыйба жөнүндө материалдарды жарыялоо жөнүндө маселени коюу;

- колледждин окутуучуларынын окуу-методикалык иштелмелерин чыгарууну сунуштоо;

- окуу – методикалык ишмердикте ативдүү катышкан кызматкерлерди сыйлоо жөнүндө колледждин администрациясынын алдында маселе коюу;

5.2. ОМККнын төрагасы укуктуу:

- ОМККнын жыйынында төрагалык кылууга;

- колледждин структуралык бөлүмдөрүнөн ОМКнын иши үчүн керектүү документтерди жана материалдарды суроого жана алууга;

- окуу – методикалык материалдарды лицензиялоо үчүн эксперттерди тартууга;

- ОМККнын айрым маселелерин кароо тартиби регламентациялоочу документтерди бекитүүгө;

5.3. ОМККнын төрагасы милдеттүү:

- иш планынын аткарылышын көзөмөлдөө, кезектеги жыйындын өткөрүү орду, убактысы, мөөнөтү жөнүндө анын мүчөлөрүнө өз убагында кабарландырууга;

- Коллегиялык кабыл алынган жөнүндө колледждин администрациясын жана педагогикалык коллективдик мүчөлөрүнө өз убагында маалымдоого;

5.4. ОМККнын катчысы милдеттүү:

- жыйындын протоколдорун мазмундуу жүргүзүүгө, бардык каралган маселелерди жана кабыл алынган чечимдерди бурмалабай чагылдырууга;

- Жыйындын протоколдорун өз убагында басмага басылган түрдө формага келтирүү;

- ОМККнын жыйындарынын протоколдорун атайын бөлүнгөн жерде-ОМККнын папкасында сактоого;

5.5. ОМККнын мүчөлөрү ОМККнын бардык жыйындарына өтө тактык менен катышууга милдеттүү, ал эми объективдүү себептер болгон учурда өзүнүн болбоосу жөнүндө өз убагында ОМККнын төрагасы кабардандырат.

## 6. ОМКнын укугун токтотуу

6.1. ОМККнын укуктары Ушу Жобонун бекитилген 4.13. п ылайык мөөнөтү бүткөндөн кийин токтотулат.

6.2. Мурдагы ОМККнын укуктук мөөнөтү бүтөрүнө эки жума калганга чейин кезиктирилбестен жаңы ОМКК түзүлүшү керек.